183

Материалы для хрестоматии 6 кл.

Отрывки из произведений

А. Токомбаева

Т. Уметалиева

М. Элебаева

1950 г.

Папка для бумаг

/

(Кыска)

АЛЫ ТОКОМБАЕВ

7

Аалы Токомбаев 1904-жылы Кемин районунда азыркы Кайыңды айлында батрактын /жалчынын/ үй бүлөсүндө туулган. Жаш кезинен ата-энесинен ажырап, жетим калып ар кимдин эшигинде тиленчилик да кылат.

1922-жылдары Аалы Ташкендеги Орто Азиялык Коммунистик Университетке/САКУ/ студент болуп, ошол эле жылдары комсомолго мүчө болуп өткөн. 1928-жылы САКУну бүтүп,ушул жылдары ВКП/б/нын катарына өтөт. Аалы Токомбаевдин 1-ырлары 1924-жылдан баштап басмада пайда болгон. Аалынын "Октябрдин келген кези" деген ыры "Эркин--Тоо" /азыркы "Кызыл Кыргызстан" газетасына биринчи жолу чыккан."Ленин жөнүндө" /1927/, "Айлдар айнеги" /1929-ж/, "Эмгек гүлү" /1932/ деген жыйнактары басылган. Аалынын көп эмгектери орус тилине которулган. Кыргыз адабиятындагы сиңирген эмгеги үчүн ага "Эл акыны" деген наам берилген. 1946-жылы Ленин ордени менен сыйланган. Кыргызстан Жогорку Советинин депутаты.

АВТОБИОГРАФИЯ ЖАНА БИОГРАФИЯ

Автобиография латин сөзү болуп, "аутс"-өзүм, "биос"-өмүр, "графо"- жазамын деген маанини берет. Өзүнүн өмүр баянын жазууну автобиография дейбиз.

Биография деп, башка бирөөнүн өмүр тарихын жазуу аталат.

СУРООЛОР жана ТАПШЫРМАЛАР

1. Өзүңөрдүн өмүрүңөрдү ангеме кылып жазгыла.

МЕЗГИЛ УЧАТ
/Үсүндү/

Б У Л  Т А Л А Н Т

Мойнунда кызыл галстугу бар сулуу кара бала, интернаттын жатаканасынан чыгып, эки жагын карап, бирөөнү күткөндөй, жай басып кылчактай берди. Эски дубалдын ар жагында жашынып турган, аксай баскан жалпак бала чырр эттирип ышкырып коюп, олтура калды. Галстукчан бала улактай секирип жакындай берди да:

-Уруну эми кармайбыз, ойнойлу десем, болбой койду, менин көйнөгүмдү ошол эле алды- деп койду да, дубалдан башын чыгарып, жатакананы акмалады.

-Көрүнбөйбү?- деди аксак бала.

-Жок, ал ушул кезде уурдап жаткандыр. Сатар агайга барып айталыбы?- деди сулуу бала.

-Билбейм, жалган болуп жүрбөсүн.

-Анын атасы да ууру, көрөсүң го.

Колуна көнөчөк кармаган арык киши балдарды көрүп токтой калды.

-Ай, киши, айран сатасыңбы- деп, сулуу кара бала тура калды, ал киши жалт карай бергенде, чочугандай жолдошун нукуп койду. Ал бала эчтемени байкаган жок.

-Жок, балам,- деди сары чал- айран ичесиңерби9 Кел, кичинекейден жуткула, силер интернаттын балдарысыңарбы? Айтикеев деген бала аман-эсен барбы?

Балдар бир бирин карап коюшту да колдору менен дубалды чукуп, унчукпай калышты.

-Ой, айланайындар, силер эмнеге унчукпайсыңар? Же аны таанбайсыңарбы? Чоң курсак, унчукпаган сары бала, мында келгенине бир жыл болуп калды, же силер жаңы балдарсыңарбы? Кел, айланайын кулундар, бери келип айран жуткулачы.

Айтикенин журөгу уикилдеп кетти. "Балам өлуп калса карек же катуу оору болсо керек, балдардын дубал чукуп калышы жакшы жөрөлгө эмес"- деген кыял Айтикенин журөгун оюп жиберди. Балдар "сен айт, сен айт" дегенсип, бир бирине баштарын ийкешти, бирок эч кимиси унчуккан жок. Айтике аларды кутпөсөн, ылдамдай басып балдарга келип:

-Ме, айланайындар, кичине-кичине жуткулачы деп көнөчөкту бере койду. Сулуу кара бала мурдун чүйруп:

-Мен ичпейм, сенин көнөгуң эски экен, мен сени таанып турам,- деп кайта түрттү. Экинчи бала жолдошун жаман көзу менен бир карап, көнөчөкту ала коюп, кылкылдатып беш-алты жутуп жиберди.